
# Сыйкырдуу күзгү



Автор: Нин Монтхакондеаклин
Сүрөтчү: Юкей Нхал
Которгон жана адаптациялаган: Арзыгүл Шеримбекова

# Сыйкырдуу күзгү

Автор: Нин Монтхакондеаклин
Сүрөтчү: Юкей Нхал
Которгон жана адаптациялаган: Арзыгүл Шеримбекова

Кыргыз тилинде
Бишкек - 2021


Copyright © 2020, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Сыйкырдуу күзгү" (кыргыз тилинде), Арзыгүл Шеримбекова тарабынан которулуп адаптацияланган.The Magic Mirror (англисче) чыгарманын негизинде, автору Nin Monthakondeaklin, сүрөтчүсү UK Nhal, © Room Read, 2018 Some rigths reserved CC BY 4.0 лицензиясы боюнча басылып чыккан. Чыгарманын түп нускасын бул жерден көрө аласыз: https://storyweaver.org.in/stories /38367-the-magic-mirror

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom




Качандыр бир кезде каардуу жез кемпир балдарды токойго азгырып келип, айбандарга айландырып турчу экен. Анын сыйкырынан Сабыр менен Сезим гана качып кутулуптур.

Эми жандыктарга айланган балдарга жардам бергидей адам табылабы?

Айыл четинде балдар бейкапар ойноп жатышкан. Бир маалда күтүүсүздөн куюндаган шамал аларды белгисиз токойго учуруп кетет.


– Бул эмне деген токой? Айлана тыптынч. Кооптуу жер өңдөнөт.

– Карагылачы, балдар. Тиякта үй бар экен! Жүргүлө, андагы адамдар бизге жардам берер?




Үйдүн терезесинен түркүн даамдуу тамак-ашка толгон столду көрүштү. Балдар ачка болушканын эми даана сезишти.

– Келгиле, тамакка карагыла, – деп белгисиз үн аларды чакырды.



– Мен ишенбей турам. Балдар, жебегиле. Кичине токтоп туралы, – деди сырдуу үйдөн шекшинген Сабыр.

– Сен жебесең, жебе. Ушунча сонун тамак турса, курсак ачка болсо, кантип жебей коёбуз?



Балдар тамакка киришти. Сабыр карындашын токтотуп калды.

– Мен ачкамын, тамак жегим келип жатат, – деди карындашы.

– Ата-энебиз эмне деп айтты эле? Ашказанды толтуруш үчүн көрүнгөн жерден тамакты ылгабай жей бербеш керек. Сабырдуу бололу. Бул үй сырдуу болуп жатат.




Баягы тамакты жеп жаткан балдар четинен коркунучтуу жандыктарга айланышты. Экөө алардын түрүн көргөндө, үйдөн атып чыгышты.



Аңгыча каардуу жез кемпир пайда болуп, жаныбарга айланган балдарды санады.

– Экөө жок!

Чаңырган боюнча, жез кемпир аларды издегени кетти.




Балдар жашынууга жай таппай, качып баратышты.

– Менин ийиниме жашынгыла. Ал жерден силерди эч ким издебейт, – деди астынан чыга калган ак келемиш.


– Бизди жез кемпир таап алсачы? – деди байкесине Сезим.

– Коркконубузду сезип калса, таап алат. Коркпо!




Жез кемпир келип айланып, тегеренип ачуу чаңырыкты салды. Балдарды таппай, кайрадан учуп кетти.

– Силер тамак жебей туура кылгансыңар. Ал менин кожоюнум. Жүз баланы жандыкка айландырса, өзү түбөлүк өлбөс болуп калат, – деди ак келемиш.



– Эми мен досторума кантип жардам берем? Алар кайрадан адам кейпине келишпейби?

– Билбейм. Үч күндө амалын тап. Сенде ошончо эле убакыт бар. Кайра адамга айлануунун бир эле жолу бар.




– Сыйкырды жандыруу үчүн эмне кылышым керек? Кайда барам? Кимден сурайм?

– Табышмактуу хан сарайдагы сыйкырдуу күзгүнү алып кел. Ошондо жез кемпирдин сыйкыры жанат.

– Хан сарайга кантип жетем?

– Эртерээк чыгышты карай жол жүрүшүң керек. Күзгү ошол жакта.



– Мен күзгүнү алып келгенге аракет кылайын. Сен айылга кабарла, – деди Сабыр карындашына.



Сабыр сыйкырдуу сарайдын кайда экендигин жолдон кезиккен бир аялдан сурап билди.

– Ушу жол менен кете бер. Чоң көлгө жетесиң. Көлдөн өткөндө хан сарайды көрөсүң.



Кете берип, акыры шаркыраган суунун боюндагы бийик жарга жетти. Бүркүттүн балапаны дарыядагы сууга түшүп кетип, чыга албай жаткан экен. Сабыр дароо сууга секирди. Барчынды куткарып чыкты. Бүркүт баласы аман калганына сүйүнүп, уясына жылынып кетүүгө чакырды.



Уя салып жатып таап алган шакекти Сабырга белекке берди.

– Мени хан сарайга жеткизе аласызбы?

– Кел, үстүмө отур. Тез эле жеткизем.


Сабырды үстүнө отургузуп, асманга көтөрүлдү.



Көлдүн жээгине жетишти.

– Мына көлгө келдик. Сага айтаарым, бирөөгө ишенгиче, өзүнө ишен. Ушуну унутпа. Бүркүт учуп кетти.

– Рахмат сага, жакшылыкты унутпайм.



Көл толтура крокодил экен. Дарактын бутагын сууга ыргытып көрдү эле, крокодил буйдамга келтирбей быт-чытын чыгарды. Муну көргөн Сабыр андан бетер коркту.



Көлдүн жээгинде жүзүмдөр өсүп туруптур. Жүзүмдүн сабагынан аркан эшип, аркы өйүзгө секирип өтүүнү чечти. Бирок арканы үзүлүп кетип, көлмөгө түшүп кетти. Крокодилдер аны курчап калышты.



Секирген кезде колундагы шакеги ыргып кетти. Көл музга айланды. Крокодилдер тоңуп калышты. Сабыр суудан чыгып, сыйкырдуу сарайга жетти. Учурашып ичине кирди.

– Бул жерде ким бар?

Жооп болгон жок. Табышмактуу жайда нур жанып туруптур. Бул сыйкырдуу күзгү экен. Аны алайын десе эле, дагы бир жез кемпир пайда болду. Бирок ал боорукер жез кемпир эле.



– Күзгүнү сурабай эле алайын дедиңби?

– Мага күзгү абдан керек. Кайтарып берем. Таш боор жез кемпир балдарды сыйкырлап, жаныбарларга айландырып салды. Аларга жардам беришим керек.




– Мен сага кантип ишенем?

– Мен алдаган жокмун. Чын айтып жатам.

– Болуптур, ишенейин. Күзгүнү ал, бирок убадаңа тур.

– Албетте. Үлгүрсөм болду.

– Күзгүнү дубалга чагылдыр. Жарыктын ылдамдыгы менен тез жетесиң.




Ал боорукер жез кемпирдин айтканындай кылды. Айылга тез эле жетип келди. Таш боор жез кемпир Сезимди, айылдагыларды кубалап жүргөн экен. Сабырды көрүп, ага атырылды. Сезим колундагы таш менен уруп, ак келемиштин ийнине кире качты.

Жез кемпир аны таппай калды.



Бирок ал Сабырдын алдынан чыкты. Сабыр ага күзгүнү чагылдырганга үлгүрдү. Таш боор жез кемпир күлгө айланып, күбүлүп түштү.



Жаныбарга айланган балдар күзгүнүн жарыгы менен кайра өздөрүнүн кейпине келишти. Кубанышып, кучакташа көрүштү. Эми Сабыр кайтышы керек. Ал убадасына турат.



Ушул учурда боорукер жез кемпир пайда болду.

– Сен эр жүрөк бала экенсиң. Мени жез кемпир сыйкырлап, күзгүнү кайтартып койгон. Эми анын сыйкыры кетти. Бул күзгүнү белекке ал. Бардык адамдарга жардам бер.

Боорукер жез кемпир көздөн кайым болду.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ


Автор: Нин Монтхакондеаклин

Сүрөтчү: Юкей Нхал

Которгон жана адаптациялаган:

Арзыгүл Шеримбекова



USAID "Окуу керемет!" долбоору

Кыргыз Республикасы


1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- **4.1 деңгээли**
- 4.2 деңгээли